**Мира Кожокелдиева - "Байкабай суйуп калдым"**

обону: Зарлык Камбаралиев

созу : Э.Тумонбаев

Ай болдуӊ түнүм жарык,
Асманга канат кагып.
Айланып учуп жүрөм,
Ашыгып сүйүп калып.

П-в
Күн болуп күйүп жандым,
Жанында булуттардын.
Бар беле сенде сыйкыр,
Байкабай сүйүп калдым.

Сен жака бара берем,
Сел болуп ага берем.
Таптаза тунук менин
Сезимим сага деген.

Ашыктык алоосуна,
Ардагым күйүп келем.
Арзуумду ичке катып,
Тымызын сүйүп келем